**Мак суроолор (жугуштуу оорулар)**

1. Жугуштуу ылаӊдардагы табигый жана эпизоотиялык чордон, ошондой эле эпизоотиялык процесс тастыктама.
2. Ветеринардык кызматтын түрлөрү, алардын функциялары жана чечүүчү маселелерин баяндап бергиле.
3. Койлордун ценурозунун этиологиясын, эпизоотологиясын, диагностикасын, ошондой эле дарылоо жана алдын алуу иш чараларын айтып бериӊиз. Жаныбарларды кароодон өткөрүүнүн алгоритмин түзгүлө. (диагноз коюунун, рецепт жазуу)
4. Инфекцияга, инфекциялык процесске жана жугуштуу ылаӊга мүнөздөмө бериӊиз.
5. Эл аралык эпизоотиялык бюро, ал чечүүчү маселелер, структурасы жана жүргүзгөн иштеринин механизмдери тууралуу айтып бериӊиз.
6. Кой-эчкилердин диктиокаулёзун дарылоо жана алдын алуу иш-чаралары кандайча жүргүзүлөт? Диктиокаулёзду дарылоого рецепт жазып бериӊиз.
7. Шарп ылаӊы жана ал боюнча азыркы учурдагы эпизоотиялык абал (этиологиясы, эпизоотологиясы, диагностикасы жана профилактикасы) жөнүндө илмий конференцияга 2-3 мүнөттүк маалымат (сөз) даярдаӊыз.
8. Эл аралык эпизоотиялык бюро (ЭЭБ) жана башка уюмдар (*ФАО, ВОЗ, ЕЕС, ВВА*) менен болгон байланыштары жөнүндө айтып бериӊиз.
9. Кепшөөчү жаныбарлардын мониезиозу жана анын чарбага тийгизген экономикалык зыяны канчалык? Мониезиоздун симтомдорун айтыӊыз жана аны дарылоо үчүн алгоритмин түзүӊүз.
10. Кара сан (Эмкар) ылаӊын дарылоодо эффективдүүлүк кандай? Дарылоонун кандай жолдору бар? Алардын эффективдүүлүгү жөнүндө айтып бериӊиз.
11. Биологиялык кооптуулук жана анын колдонуу ыкмалары боюнча түшүндүрмө бергиле.
12. Инвазия деген эмне? Инвазиянын булагына, жуктуруу жолдоруна, ылаӊдын таралышына жана өрчүп-өнүгүүсүнө мүнөздөмө бергиле. Дарылоо.
13. Ири мүйүздү жана кой-эчкинин бруцеллёзу, азыркы учурдагы абалы жана колдонулуп жаткан алдан ала иш чаралар.
14. Шаардык, райондук мамлекеттик ветеринардык кызматтын структурасы кандай? Анын максаттары чечүүчү маселелери боюнча айтып бериӊиз.
15. Гельминтозго каршы малдын тирүү кезде коюлуучу диагностикасынын методикалары тууралуу айтып бергиле.
16. Жаш төлдөрүнүн сальмонеллёзу (этиологиясы, эпизоотологиясы, диагностикасы жана профилактикасы).
17. Карантиндин коюлуу жана алынуу тартиптери кандайча ишке ашырылат?
18. Жылкылардын учунуусу *(Случная болезнь лошадей),* аны дарылоонун экономикалык эффективдүүлүгү боюнча айтып бериӊиз.
19. Сибирь кулгунасы *(Сибирская язва)* аныкталаган учурда, тез арада кандай иш чаралар кабыл алынат?
20. Ветеринардык деонтология дегенди сиз кандай түшүнөсүз? Дарыгерликте кетирилген катачылыктар, кокустуктар жана кесиптик укук бузуулар болгон учурдагы иш чаралар боюнча айтып бериӊиз.
21. Койлордун эстрозунда диагностика жана дифференциалдык диагностика кандайча ишке ашырылат?

22. Коёндордун миксоматозу жана геморрагиялык ылаңы (этиологиясы, эпизоотологиясы, диагностикасы жана профилактикасы) баяндап бериңиз.
23. Айыл өкмөттөрүндө ветеринардык адис тарабынан чечилүүчү маселелердин планын иштеп чыккыла.
24. Цестодоз тоок чарбасында кандай зыян келтирет?Дарылоо ыкмалары тууралуу айтып бериңиз.
25. Айыл чарба жаныбарларынын пастереллёзу (этиологиясы, эпизоотологиясы, диагностикасы жана профилактикасы) баяндап бериңиз.
26. Кыргыз Республикадагы ветеринардык кызматтынын структурасын айтып бериңиз.
27. Жаныбарлардын фасциолёзунда дарылоо жана алдын алуу иштери кандайча ишке ашырылат?
28. Азыркы учурда жугуштуу ылаңдарды диагностикалоонун заманбап кандай ыкмаларын билесиз? Анын колдонуунун кандай зарылчылыгы бар?
29. Базарларда ветеринардык көзөмөлдү уюштуруунун планын иштеп чыккыла.
30. Кепшөөчү жаныбарлардын дикроцелиозунда диагностикасы, дарылоосу жана профилактикасы кандайча ишке ашырылат?
31. Койлордун контагиоздук эктимасын чарбада болтурбоо үчүн, кандай алдын ала иш-чаралар ишке ашырылат ?
32. Кыргыз Республикасынын Ветеринария боюнча мыйзамынын кыскача мазмуну тууралуу айтып бериңиз.
33. Сыңар туяктуулардын гастрофилёзу жана ал чарбаларга кандай экономикалык чыгымдарды келтирет?
34. Жылкылардын сасык тумоосу *(Грипп лошадей),* тууралуу айтып бериңиз (этиологиясын, эпизоотологиясын, диагностикасын жана профилактикасын).
35. Ветеринардык иш-чараларды пландоонун мал чарбачылыгындагы мааниси жана анын зарылчылыгы.
36. Кепшөөчү жаныбарлардын эймериоздору(кокцидиоздору) жана аларга каршы кандай күрөшүү иш-чаралар уюштурулат?
37. Кой-эчкилердин күл ылаңы боюнча Кыргызстандагы эпизоотиялык абалды жана аны дарылоо ыкмалары тууралуу айтып бериниз.
38. Ветеринардык документациянын, отчеттордун формаларынын жана иш кагаздарынын азыркы учурдагы ролу.
39. Айбандардын токсокарозунда жана токсаскаридозунда дарылоо жана алдын алуу иштери кандайча жүргүзүлөт?
40. Канаттуулардын тумоосундагы (*Грипп птиц*) алдын алуу иш чараларынын экономикалык эффективдүүлүгү.
41. Ветеринардык-санитардык экспертиза боюнча ветеринардык лаборатория чечүүчү маселелер.
42. Чочколордун трихинеллёзунун этиологиясын, эпизоотологиясын, диагностикасын жана профилактикасын айтып бергиле.
43. Койлордун брадзоту, азыркы учурдагы абалы жана ага каршы колдонулуп жаткан иш чаралар.
44. Ветеринардык лабораториялардын аткарган кызматтарын жана алар чечүүчү маселелерин түшүндүргүлө.

45. Бодонун цистицеркозунун этиологиясын, эпизоотологиясын, диагностикасын жана профилактикасын айтып бериңиз.

46. Аарылардын жугуштуу ылаңдарын (америкалык жана европалык чиринди), дарылоонун жана профилактикалоонун экономикалык эффективдүүлүгүкандай?

47. Ветеринардык иш-чараларды пландоонун принциптери, алардын түрлөрү жана экономикалык эффективдүүлүгү.

48. Бодонун тейлериозу жана аны менен күрөшүүдө кандай иш-чаралар колдонулат?

49. Жаныбарлардын кутурмасынын этиологиясын, эпизоотологиясын, диагностикасын жана профилактикасын айтып бериңиз.

50. Жаныбарлардын жугуштуу ылаңдарынан алдын алуу боюнча жалпы иш-чараларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун пландарын түзгүлө жана айтып бергиле.

51. Жырткычтардын альвеококкозунун эпизоотиялык мааниси жана аларга каршы кандай күрөшүү иш-чаралары уюштурулат?

52. Лептоспироздун этиологиясын, диагностикасын, дарылоосун жана профилактикасын айтып жана сүрөттөп бериңиз?

53. Транспорт менен чек арадагы ветеринардык-санитардык көзөмөлдүн мааниси жана ал чечүүчү маселелер боюнча кыскача мүнөздөмө бериңиз.

54. Жаныбарларды дегельминтизациялоо ыкмаларын жана азыркы учурдагы колдонуу эрежелерин түшүндүрүп бергиле.

55. Иттердин кыргынынын (*Чума собак*) заманбап диагностикасы тууралуу маалымат бериңиз.

56. Кыргызстандагы ветеринардык кызматтын тарыхын айтып бергиле.

57. Кыргызстанда кездешкен балыктардын мите ылаңдары тууралуу жана алардын азыркы учурдагы актуалдуулугу жөнүндө айтып бериңиз.

58. Эчкилердин жугуштуу кара өпкө (*Инфекционный плевропневмония коз*) ылаңынын дарылоосунун экономикалык эффективдүүлүгүн айтып бериңиз.

59. Ветеринариядагы менеджмент, маркетинг, бизнес жана кызматты уюштуруу иш-чараларына мүнөздөмө бериңиз.

60. Паразитология илиминин аныктамсын, максатын, милдетин жана кыскача тарыхын айтып бериңиз.

61. Чочколордун тилмесинин (*Рожа свиней*) этиологиясы, эпизоотологиясы, диагностикасы жана профилактикасы тууралуу айтып бериңиз.

62. Республикадагы ветеринардык кызматтын структурасына жана ал чечүүчү маселелерге мүнөздөмө бериңиз.

63. Кыргызстанда кездешкен аарылардын паразитардык ылаңдарын айтып бергиле.

64. Желе курт (*Эпизоотический лимфангит*) ылаңынын этиологиясын, эпизоотологиясын,диагностикасын жана аныдарылоодогу экономикалык эффективдүүлүк жөнүндө айтып бериңиз?

65. Ветеринардык товарларды сатып алуу жана сатуу иштериндеги келишимдердин түрлөрүнө мүнөздөмө бериңиз.

66. Жылкылардын оксиурозу жана аны дарылоо ыкмалары боюнча айтып бериңиз.

67. Кой-эчкинин кыргынынын (*Чума мелких жвачных*) этиологиясын, эпизоотологиясын, диагностикасын жана алдыналуу боюнча иш чараларыжөнүндө айтып бериңиз.

68. Ветеринардык дезинфекция, дезинсекция жана дератизация иштери кандайча ишке ашырылат?

69. Кыргызстандагы иттердин эхинококкозунун эпизоотиялык абалы боюнча айтып бериңиз. Ага каршы кандай алдын алуу иш-чаралары жүргүзүлөт?

70. Бодо малдардын туберкулёзунун этиологиясы, эпизоотологиясы, патологиялык морфологиясы, диагностикасы жана профилактикасы жөнүндө айтып бериңиз.

71. Жеке ветеринардык ишкердикти ачуу үчүн кандай иш кагаздары керек?

72. Курт-кумурскаларга каршы жүргүзүлүүчү иш-чаралардын методикасы боюнча айтып бериңиз (малканада, малдарда).

73. Сакоо *(Мыт)* ылаңынын этиологиясын, эпизоотологиясын, диагностикасын жана профилактикасын баяндап бериңиз.

74. Жаныбарларды айдоодо жана ташууда (канаттууларда дагы)кандай ветеринардык көзөмөлдөө иш-чаралары уюштурулат?

75. Короо кенелери жана алардын эпизоотологиялык мааниси. Кенелерге каршы кандай күрөшүү чаралары жүргүзүлөт?

76. Ньюкасл ылаңынын этиологиясын, эпизоотологиясын, диагностикасын жана алдын алуу иш-чараларынын экономикалык эффективдүүлүгүн айтып бериңиз.

77. Жаныбарлар менен алардан алынган өндүрүмдөргө соода жүргүзүлгөндө кандай ветеринардык көзөмөл жүргүзүлөт?

78. Бодонун гиподерматозунун дарылоосун жана профилактикасын айтып бериңиз.

79. Кара аксактын этиологиясы, диагностикасы, дарылоосу жана профилактикасы тууралуу түшүндүрмө бериңиз.

80. Ветеринардык иш-чаралардын каржылануу булактарынын жолун айтып бергиле.

81. Иттердин лейшманиозу (диагностикасы, дарылоосу жана профилактикасы).

82. Жаныбарлар менен канаттуулардын жугуштуу ылаңдарында карантинди коюунун канчалык зарылчылыгы бар? Алынуу тартиптери жөнүндө айтып бериңиз.

83. Мамлекеттик ветеринардык инспектордун укуктары жана милдеттери тууралуу маалымат бериңиз.

84. Чочколордун аскаридозу боюнча мандемдүү болгон чарбаларда жүргүзүлүүчү иш-чаралардын методикасын түшүндүрүп бергиле.

85. Бодонун лейкозу тууралуу баяндап бериңиз (этиологиясын, эпизоотологиясын, патоморфологиясын, диагностикасын жана профилактикасын).

86. Ветеринардык справкалардын түрлөрүн жана берүү жолдорун түшүндүрүп бергиле.

87. Кан-соргуч чымын-чиркейлердин эпизоотологиялык мааниси.

88. Канаттуулардын кыргынынын (*Чума птиц)* этиологиясы, диагностикасы, дарылоосу жана профилактикасы тууралуу айтып бериңиз.

89. Ветеринардык палатанын милдети жана максаты.

90. Ичегидеги стронгилятоз ылаңдары жана аларга каршы иш-чаралардын схемасын түзүп бергиле.